DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2023

*Уметов К.А.*

## МАМЛЕКЕТТИК ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ТЕОРИЯСЫНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

*Уметов К.А.*

## О НЕКОТОРЫХ ВОПРОСАХ ТЕОРИИ ГОСУДАРСТВЕННОГО СУВЕРЕНИТЕТА

*K. Umetov*

## ON SOME ISSUES OF THE THEORY OF STATE SOVEREIGNTY

*УДК: 321.011.327*

*Бул илимий макалада автор негизги нормалардын мүнөзүнө ээ болгон саясий-укуктук илимдин жана эл аралык укуктун негизги категорияларынын бири катары суверенитеттин концептиси ачылып берилген, ошондой эле, эгемендүүлүк түшүнүгүнүн келип чыгыш булактарынан тарта, азыркы күнгө чейинки укуктук табиятын аныктоо маселеси боюнча диаметралдык карама-каршы позицияны ээлеген ар кандай теорияларга токтолгон. Ошону менен бирге эле автор тарабынан Кыргыз Республикасынын мурдагы союздук республикалардын эгемендешүүсүндөгү активдүү катышуусун камсыздоочу өбөлгөлөрдү жана тарыхый шарттарды түзүү процесстери иликтенген. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ошондой эле, эгемендүүлүк жана көз карандысыздык жөнүндөгү декларациялардын негизинде Кыргызстандын саясий системасынын кайра түзүлүш даражасын жана анын жүрүшүнүн конкреттүү багыттары белгиленген. Эгемендүүлүк – ал ар бир субъектке мүнөздүү касиет жана анда мамлекеттин реалдуу эгемендүүлүгүнүн ишке ашырылышын көрсөткөн, жана башка субъекттин эгемендүүлүгү келип чыгышы мүмкүн эмес.*

***Негизги сөздөр:*** *конституция, декларация, эгемендиктин булактары, эгемендүүлүктүн феномени, эл аралык укуктук мамилелер, мамлекеттик эгемендүүлүк, элдин эгемендүүлүгү, улуттук эгемендүүлүк.*

*В данной научной статье автором раскрыт концепт суверенитета, как одной из основных категорий политико-правовой науки и международного права, имеющей характер основных норм, а также рассмотрены различные теории, занимающие диаметрально противоположные позиции по вопросу определения правовой природы понятия суверенитета от истоков до наших дней. При этом автором исследованы процессы создания предпосылок и исторических условий, обеспечивающих активное участие Кыргызской Республики в обретении независимости бывших союзных республик. Конституция Кыргызской Республики также устанавливает степень перестройки политической системы Кыргызстана на основе деклараций и конкретные направления ее хода. Суверенитет – это свойство, присущее каждому субъекту, и в нем проявляется реализация реального суверенитета государства, и суверенитет другого субъекта не может возникнуть.*

***Ключевые слова:*** *конституция, декларация, источники суверенитета, феномен суверенитета, международные правовые отношения, государственный суверенитет, народный суверенитет, национальный суверенитет.*

*In this scientific article, the author reveals the concept of sovereignty as one of the main categories of political and legal science and international law, which has the character of basic norms, and also examines various theories that occupy diametrically opposite positions on the definition of the legal nature of the concept of sovereignty from its origins to the present day. At the same time, the author studies the processes of creating prerequisites and historical conditions that ensure the active participation of the Kyrgyz Republic in the independence of the former Soviet republics. The Constitution of the Kyrgyz Republic also establishes the degree of restructuring of the political system of Kyrgyzstan on the basis of declarations of independence and independence and specific directions of its progress. Sovereignty is a property inherent in every subject, and it manifests the realization of the real sovereignty of the state, and the sovereignty of another subject cannot arise.*

***Key words:*** *constitution, declaration, sources of sovereignty, phenomenon of sovereignty, international legal relations, state sovereignty, people's sovereignty, national sovereignty.*

Ата мекендик жана чет элдик коом таануучулуктагы теориялык дебаттык талдоолор көрсөткөндөй акыркы үч он жылдыктагы эгемендүүлүк категориясы академиялык коомчулуктун кайрадан көңүл чордонунда калган.

Жалпысынан саясий мамлекеттин теориясы үчүн, ошондой эле, укук таануу (эл аралык укук катары анын айрыкча мындай тармагы) үчүн мындай маселелердеги анча маанилүү эмес көйгөйлөр боюнча болгон курч дебаттар өзгөчө орунду ээлейт.

Баарынан мурда дүйнөлүк илимий коомчулуктун эгемендүүлүк концепциясына өзгөчө көңүл буруусу глобалдашуунун мамлекет сыяктуу салттуу дүйнөлүк саясат факторуна (жана анын эң маанилүү атрибуттарынын бири катары эгемендүүлүккө) тийгизген таасирин түшүнүү зарылчылыгы менен байланышкан.

Суверенитет маселеси боюнча эрозия фактысын четке каккандарга чейинкилерден тартып, анын бүтүшүн жарыялагандардын диаметралдык карама – каршы позицияларын ээлеген ар кандай теориялар пайда болгон.

Эгемендүүлүк концепциясына олуттуу чакырык (БУУнун Уставында бекитилген түрүндөгүдөй) негизинен 1990-жылдары жана 2000-жылдардын башында Батыш тарабынан демилгеленген гуманитардык интервенциялардын сериясына ташталган.

Ошону менен катар эле гуманитардык интервенция багытына тиешелүү болгон жактоочуларына (баарынан мурда эл аралык укуктун бирден бир жетектөөчү принциби катары БУУнун Уставындагы мамлекеттердин эгемендүүлүгүн сактоо боюнча сунуш түрүндөгү мүмкүн болгон өзгөртүү бөлүгүн ырастаган) эл

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



аралык укуктун ченемдери жана принциптери боюнча кайра карап чыгуу тууралуу аракеттердин бүтүндөй сериясы параллель жүргүзүлгөн.

Акырында эгемендүүлүк категориясы боюнча талкуулоого өз салымын кошуу мамлекеттердин дүйнөлүк саясатынын салттуу жана салттуу эмес факторлору жөнүндөгү маселелердин эл аралык укуктун теориясынын борборундагы ар кандай парадигмалардын ортосунда кайрадан болгон талаш-тартыштар менен коштолгон.

Ошол эле убакта неореализмдин жана неолиберализмдин классикалык парадигмалары катары дагы да бул чөйрөдөгү мамлекеттин жетектөөчү ролун (анын ичинде анын эгемендүүлүгүнүн ички жана тышкы саясат сактоону), эл аралык укуктун теорияларынын башка парадигмаларын – глобализм жана өзгөчө көп түрдүү постпозитивизм мектептерин (постмодернизм, социалдык конструктивизм, постструктурализм, феминизм жана башка ушул сыяктуулар) мамлекеттин дүйнөлүк саясаттагы ролунун төмөндөшүн жана салттуу эмес факторлордун – бейөкмөт институттардын, тармактык түзүмдөрдүн ж.б. маанилүүлүгүнүн өсүшү талап кылуу болгон.

Бул теориялардын көз карашынан алып караганда эгемендүүлүк башкаруучу элитанын тар кызыкчылыктарын жашыруу үчүн жасалган консервативдик утопия, мифтен башка эч нерсе эмес [1].

Эл аралык укуктун бүгүнкү күндөгү теориясындагы эгемендүүлүк түшүнүгүн чечмелөөдө неолибералдык мамиле үстөмдүк кылат деп айтсак болот. Өз кезегинде Эгемендүүлүк концепциясынын неолибералдык окуу эл аралык-укуктук мамилеге негизделет, анткени, неолибералдар дал ушул укукту эл аралык мамилелердин негизи деп эсептешкен жана мамлекеттер ортосундагы бардык мамилелер тиешелүү эл аралык-укуктук документтер менен жөнгө салынышы керек деп эсептешет.

Ошондой эле ар бир терминди колдонууда өтө кылдаттык менен мамиле кылуу керек, анткени, тексттеги берилген терминдердин мааниси, тексттин мазмунун ачып берүүдө жана жетиликтүү түшүндүрүү үчүн чоң мааниге ээ экендигин А.Д. Урматова, өзүнүн көз карашында: «Юридикалык терминологияны бир беткей колдонуу жана терминдин бир гана мааниси колдонуу, аны бирдей кабыл алууга жана бирдиктүү түрдө чечмелөөгө мүмкүндүк берет. Ошондуктан ченемдик укуктук жазма буйруктардын сырткы чагылдырылышынын үстүндө иштөө процессиндеги сөздөрдүн бир эле учурдагы ар кандай синонимдүүлүгүн жана көп манилүүлүгүн колдонуу тексттеги белгилүү бир деңгээлдеги маанисин түшүнүүдө катачылыктарды жаратат. Терминологияны ирээтке келтирүү, башкача айтканда, мындай системанын ар бир термининин маанисинин түшүнүктөрүн фиксациялоо, терминдердин бир маанилүүлүгүн белгилейт. Ошондуктан лингвистикалык чөйрөдөгү терминологияга коюлуучу талаптарды эң маанилүү жана борбордук маселелеринин бири бирдейлештирилген маанидеги жана бир маанини билдирген терминдерди колдонуу болуп саналат» - [2] деп белгилейт. Мында белгиленгендей ар бир терминдик сөздөрдү туура колдонуу өтө манилүү.

Заманбап неолибералдар эгемендүүлүктүн бир нече түрүн айырмалашат.

Биринчиден, бул – мамлекеттик эгемендүүлүк, муну менен өлкөнүн ичиндеги бийликтин үстөмдүгү жана тышкы чөйрөдөгү анын көз карандысыздыгы түшүндүрүлөт [3], башкача айтканда, мамлекет тарабынан өзүнүн эгемендүүлүгүн чектөөгө ачык жана ыктыярдуу макулдук берилген учурлардан тышкары, мамлекеттин аймагындагы мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигинин толуктугу, ал чет мамлекеттердин, анын ичинен эл аралык байланыш чөйрөсүндөгү бийликтерине баш ийүүнү жокко чыгарат [4].

Неолибералдык чечмелөөдөгү мамлекеттик эгемендүүлүктүн мазмуну жана колдонуу чөйрөсү так берилет. Неолибералдык парадигма анын төмөнкү пункттарын билдирет:

- Эгемендүүлүк мамлекеттүүлүктү гана мүнөздөйт, анын башка коомдук көрүнүштөрдөн айырмасын баса белгилейт.

Эгемендүүлүк элдин, калктын эрки мамлекеттик жол-жоболоштурулган аймак менен байланышкан.

- Эгемендүүлүк эч кимдин ырастоосун талап кылбаган, бирок аны башка мамлекеттик-укуктук кубулуштардын негизи катары колдонууну камтыган объективдүү чындык [5].

Неолибералдар абсолюттук Мамлекеттик эгемендүүлүк жок экенин жана болушу мүмкүн эмес экенин түшүнүшөт, анткени, дүйнөлүк экономиканын бирдиктүү шартында цивилизациянын азыркы деңгээлинде экономикалык, экологиялык, гуманитардык жана башка көптөгөн багыттар боюнча мамлекеттердин бири-бирине болгон өз ара көз карандылыгы жоюлбайт [6].

Ошол эле учурда мамлекеттик суверенитети абсолюттук нерсе менен эмес, салыштырмалуу факторлор менен гана чектелиши мүмкүн жана ал башка мамлекеттердин суверенитети менен айкалышат. Эл аралык коомчулук тарабынан тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүндөгү факт эске алынышы керек, анткени, мамлекеттердин ортосундагы цивилизациялуу мамилелер иштелип чыккан жана алар аны карманууга тийиш. Тигил же бул мамлекетте адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоодогу жалпы кабыл алынган ишмердүүлүгүнүн абалы эл аралык коргоонун предмети болушу мүмкүн [7].

Мамлекет өзүнүн ыйгарым укуктарын акырындап мамлекеттик субъекттерге, региондорго, трансулуттук институттарга жана мамлекеттин карамагында көзөмөлдөнбөгөн, жеке факторлорго өткөрүп берет.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Постпозитивисттер каржылык глобалдык агымдардын медиалык, тобокелдик, пайдалануу үлгүлөрү, калкы жана бийлик улуттук пространсттык чегинин салттык түшүнүгүн туруктуу түрдө кабыл алынышын жок кылат - деп белгилешет.

Мындан тышкары постпозитивисттер эгемендүүлүк жоголуп бара жаткан кубулуш гана эмес, модерн эпохасынын зыяндуу рудимент болушу мүмкүн деп эсептешет.

Чындыгында мамлекет суверенитеттин концептисин пайдаланып, көп учурда коопсуздук чөйрөсүндөгү ал үчүн маанилүү болгон маселелерди жасалма түрдө шылтоолошот.

Ошентип ал дүйнөнү мамлекеттер аралык башка чыр-чатактарды жана согуштарды жасаган өткөн мезгилдеги зордук-зомбулукка карай сүйрөгөн. Постпозитивисттик деңгээлдеги лагердеги түшүнүктөр менен каршылаштарына каршы чыгып, неолибералдар жана неореалисттер маанисиазыркы теориядагы суверенитеттин акыры жөнүндөгү тезиси толук далилденбегендигин белгилешет. Эгемендүүлүк институтунун убакыты жаратылыш жаңы чакырыктарга карата болгон талаш-тартыштарга адаптировать этиш үчүн болгон маселелер жөн гана өзгөрүп турат. Бул адаптация процесси аягына чыга элек.

Ошентсе да биздин мамлекеттик эгемендүүлүгүбүзгө ээ болуусу тууралуу сөз кылуу менен эгемен өлкөбүздүн тарыхый маалыматтарына токтолсок болот.

Ал эми Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болуусун *үч жагдайы* менен аныктоого болот: *элдин өзүн-өзү сактоосу* (жашоого карата болгон жөндөмдүүлүгү жана элдин жашоо-тричилиги), *СССРдин курамында болуусу* жана *тарыхый учуру*.

*Биринчи жагдайы:* кыргыз эли – дүйнөдөгү эң байыркы элдердин бири болуп саналат жана азыркы доордо этностук аң-сезимин жоготкон эмес, өзүнүн улут катары атын жоготкон эмес жана дайыма өзүнүн мамлекеттүүлүгүн түзүүгө жана сактоого умтулуп келишкен.

*Экинчи жагдайы:* кыргыздар биринчи жолу СССРдин башка элдери менен бирдей эле СССРдин курамында улуттук мамлекеттүүлүктү калыптандырууга мүмкүнчүлүк алышкан. Ошону менен бирге эгемендүү мамлекеттин келечеги үчүн эле бул мезгилдин ичинде саясий, материалдык жана руханий жактан өнүгүү өбөлгөлөрү түзүлгөн.

*Үчүнчү жагдайы*: СССРди топтоочулардын үч жаратуучусу: Беларуссия - Россия - Украина СССР Союзун таркатуу актысын жана он бир башка республикадардын бул актыны колдоосу менен СССР таркатылган. Беловье токоюндагы окуялар дал ушул тарыхый фактынын мааниси көз карашына жараша бир нече мүнөзгө ээ болгон тарыхый окуя болуп саналат.

Ошондой эле Кыргызстандын толук мамлекеттик эгемендүүлүгү үч этаптан турган:

*Биринчи* - 1924-1936-жылдары Кара - кыргыз автономиялуу облусунун – башкача айтканда, ККАОнун түзүлүшү 1924-жылы, 14-октябрда. Ал эми 1925-жылдын май айында облисполкомдун өтүнүчүнө байланыштуу автономиялуу облустун аталышы Кыргыз автономиялуу областы (КАО) деп өзгөртүлүп, андан кийин 1926-жылы, 1-февралда Кыргыз АССРи болуп өзгөргөн. Мунун менен бирге эле 1936-жылы, 5-декабрда ал СССРдин курамына кирген союздук республика болуп кайра түзүлгөн. Ошентип кыргыздар өз алдынча улуттук мамлекеттүүлүккө ээ болушкан. Кыргыз ССРинин чыныгы Эгемендүүлүгү анын символдорунда - мамлекеттик Туу да, Гимнде, Гербде чагылдырылган.

*Экинчи:* 1936-1991-жылдар аралыгында СССРдин Жогорку Кеңеши СССРдин Конституциясын кабыл алган (1936, 1977-жж.), Кыргыз ССРинин Конституциясы 1937-1978-жылдары кабыл алынган, ошондой эле, союздук республикалардын жана алардын жогорку бийлик органдарынын чарбалык саясий жана маданий турмушундагы укуктарын кеңейтүүчү бир катар мыйзамдар кабыл алынган.

Социалисттик кайра түзүүлөрдүн натыйжасында Кыргызстан жамааттык айыл чарбасы өнүккөн, илими жана маданияты абдан жогорку деңгээлде өнүккөн индустриалдык республикага айланган.

*Үчүнчүдөн:* 1990-жылы, 15-декабрда Кыргызстан Жогорку Кеңештин он экинчи чакырылышынын үчүнчү сессиясында «Мамлекеттик Эгемендүүлүк жөнүндөгү декларация» кабыл алынган. 1990-жылы, 26-декабрда СССРдин Жогорку Кеңеши ССР Союзунун жашоосун токтотуу жөнүндө Декларация кабыл алган. Бул Акт менен түзүлгөн кырдаал белгилүү бир бирдиктүү укуктук негиздемени тапты. Дал ушул учурдан тарта алар чыныгы эгемендүү мамлекеттерге айланган. Бул актыдан кийин эл аралык коомчулук бардык мурдагы союздук республикалардын көз карандысыздыгын таанышган.

Дал ушул күндөн тарта эгмендүүлүк менен кошо өлкөбүздө көптөгөн укуктук-ченемдик актылар иштелген, алардын ар биринин маани-мазмунну тууратак берүү абдан маанилүү болгон. Буга карата А.Д. Урматованын көз карашына токтолсок: «Мыйзам чыгарууда ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүгү ал чагылдырган нерседе коомдук турмуштун нормативдик муктаждыктары, коомдук турмушка карата аныкталган нормативдик мамиле коомдук бийлик институттарынын ортомчулугу менен реалдуу объективдүү чындык абдан кылдат көрсөтүлүшү керек. Ал эми «юридикалык ой жүгүртүү», атайын юридикалык түшүнүктү пайда кылат жана колдонулган белгилүү бир нормативдик муктаждыктар туюнтулган түшүнүктөр көрсөтүлгөн жагдай жана берилген типти, ой жүгүртүү ыкмасын шарттайт.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Демек, юридикалык түшүнүктөр социалдык түшүнүктөрдүн бир түрү катары укуктук ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүгү катары аныкталган түшүнүктөр нормативдик ыкмада, социалдык мамилелерди чагылдырган чындыкты өздөштүрүү методунда муктаждыктар болуп саналат.

Ошол эле учурда, кандайдыр бир кубулуштун маңызын аныктоо анын түшүнүгү аркылуу берилет. Биз иштетип же болбосо колдонуп жаткан түшүнүктөрдү так аныктабастан туруп чындыкка рационалдуу мамиле кылуу мүмкүн эмес. Эгерде укуктук түшүнүктөр жетишсиз же түшүнүксүз түрдө иштелип чыккан, болсо, анда кемчиликсиз жана так терминология жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес» - деп белгилейт [8].

Ошол эле учурда К.А. Уметов өзүнүн көз карашында: «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн укуктук негиздерин калыбына келтирүү Эгемендик теориясын теориялык-укуктук жана практикалык жактан концептуалдаштыруу процессин камтыйт. Ушундай көз караште гана цивилизациялуу укуктук мамилелер үчүн зарыл болгон укуктук аң-сезимдин калыптанышы мүмкүн деп айтсак болот. Эгемендүүлүк түшүнүгү анын көптөгөн аныктамаларын кабыл алууга мүмкүнчүлүк берүү менен абдан кеңири түрдө чечмеленет.

Мындай категория Советтик юриспруденцияда тигил же бул тараптан каралган:

- биринчиден, мамлекеттик бийликтин менчиги катары;
- экинчиден, бир гана таптык мүнөздөгү мамлекеттик бийликтин белгиси катары. Таптык мамилеге сугарылган мындай методологиялык база «эгемендик» категориясынын юридикалык табиятын объективдүү талдоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарды.

Эл мамлекеттин эгемендүүлүгүн мыйзамдаштыруунун жогорку жана толук формасы болуп саналат. Улуттун эгемендүүлүктү белгилүү бир тарыхый аймакта калыптанган жана тигил же бул коомдун негизин түзгөн элдин эгемендиги үчүн негиз болуп саналат, ал эми, анын эркин өз тагдырын өзү аныктоосунун натыйжасында мамлекеттүүлүктүн тигил же бул саясий мүнөзү белгиленет» - деп белгилейт [9].

Ал эми Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, Кыргызстандын эли эгемендиктин ээси жана мамлекеттик бийликтин жападан жалгыз булагы болуп саналат. Кыргыз Республикасынын эгемендиги чектелбейт жана бардык аймагына жайылтылат.

Ошондой эле Конституцияда белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде Кыргызстандын жарандардын өз бийлигин түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасы аркылуу жүзөгө ашырылары көрсөтүлгөн. Кыргыз Республикасы өзүнүн бардык аймагында толук кандуу мамлекеттик бийликке ээ, ички жана тышкы саясатты өз алдынча жүзөгө ашырат.

Жыйынтыктап айтканда Кыргыз элинин мамлекеттүүлүгү социалдык-экономикалык, маданий, саясий жана укуктук шарттарын өнүктүрүү жолу менен жакшыртууда. Кылымдардан бери терең тамырлап келе жаткан кыргыз элинин эгемендүү мамлекетинин калыптануу жана өнүгүү тарыхы, аны өзгөчө социалдык көрүнүш катары бекемдейт, укуктук мамлекетти курууда мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн өнүгүшү заманбап саясий-укуктук системанын иштөө ишмердүүлүгүн жана эволюциясын аныктайт.

**Адабияттар:**


1. Конституция Кыргызской Республики 5 мая 2021 г., принята референдумом (всенародным голосованием) 11 апреля 2021 года.
2. Урматова А.Д. Нормативная правовая терминология. // Таврический научный обозреватель №2(19) - февраль 2017 г. www.tavr.science
3. Декларация прав человека и гражданина. 1789 г. История и современность Советское государственное право. - 1989. №7. - С. 48.
4. Декларация о государственном суверенитете Республики Кыргызстан от 15 декабря 1990 г. №273-XII // Ведомости Верховного Совета Республики Кыргызстан. – 16.12.1990 г.
5. Декларация о госудраcвтенной независимости Республики Кыргызстан от 31 августа 1991 г. № 578-XII // Ведомости Верховного Совета Республики Кыргызстан. – 01.09.1991 г.
6. Иванов В. Государство и суверенитет. Спор о суверенитете // Русский журнал. 2009. 28 сентября [Электронный ресурс]. Режим доступа: http://www.russ.ru/Mirovaya-povestka/Gosudarstvo-isuverenitet
7. Урматова А.Д., Рыспаева Г.С. Юридическая терминология // Бюллетень науки и практики, 2019. Т. 5. № 9. С. 318-324. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=41034108.
8. Умаетов К.А. Суверенитет как правовая основа кыргызской государственности. КМЮА - Вестник 2011г. №1. - С. 21-33.
9. Борубашов Б.И. История государства и права Кыргызстана. - Б., 2003.
10. Токтобаев Б.Т. Функции государства. - Бишкек, 2002.
11. Шарыпова Р., Ахмеджанова А., Курбанбаев К. Проблема суверенитета в условиях глобализации. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2010. №. 2. С. 222-225.